айыпкерди ашкерелөөчү жолу менен ар тараптуу, толук жана объективдүү изилдөө жургузгон эмес

Тергоо органы У.Аскеевди айыпкер катары кылмыш жообуна тартуу токтомунда Аскеев У.А 2010 жылдын 6 апрелде болжол менен саат 03:30 чамаларда мас абалында озунун тааныштары Аманбаева Ш.А жана Жумашев А.Б. менен бирдикте алдын ала макулдашып алышып, Токмок шаарынын 1-кичи районунундагы №17 уйдун №50 батиринде жашаган Р.Жумабаеваны уйунон чакырып чыгышып, анан ошол эле уйдун туштук тарабында жайгашкан талаадан, Р.Жумабаева кызганычтын жана оз ара келип чыккан чатактын натыйжасында, колуна таш алып, аны бет тарапка уруп кирген. Р.Жумабаева жерге алсыз жыгылган маалда, У.Аскеев анын омурун атайылап кыюу максатын коздоп, озгочо мыкаачылык менен, ошол эле таш менен аны баш тарапка бир нече жолу уруп салган деп корсоткон.

Бирок тергоо органдары эмне кылмыш жасоону алдын ала макулдашканын жана Ш.Аманбаева менен А.Жумашевдин кандай кылмыштык аракети менен Р.Жумабаеваны олтурууго катышкандарын корсотушкон эмес.

Кылмыш иштин материалдарында, соттолуучулардын адам олтурууго катышкандыгы бар экендиги тууралуу бир дагы объективдуу далилдер жок, бир гана шектуу катары суралган Ш.Аманбаеванын сурак протоколу бар, башка далилдер жок. Бирок ошол шектуу катары сурак протоколу дагы, далилдерден алуунуга жатат, анткени шектуу катары суралган учурда Ш.Аманбаева жашы жете элек учурда болгон, ал эми Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 397 статясынын талабына ылайык суракта мыйзамдуу өкүлү жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкери катышат деп корсоткон.

Ошондой эле соттолуучу Ш.Аманбаеванын жабырлануучу Р.Жумабаеванын омурун кыйууга катышкан кылмыштык аракеттерин далилденген деп айтууга болбойт, анткени соттук териштируудо кубо А.Турсунбекованын корсотмосуно ылайык, 2010 ж. 5 апрелинде саат 22 чамасында уйуно кеткенде, Ш. Аманбаева менен Аким Токмок ш. 1-кичи районундагы №9 орто мектептин стадионунда калышкан. Ошол куну Ш.Аманбаева кызыл тустогу спорт костюм жана кара тустогу джинсы шым кийип жургон.

Ошондой эле, далил катары алынган плащтын жени далил буюм катары дагы санала албайт, анткени кылмыш болгон жерди кароо протоколуна тиркелген фототаблица суроттордо, биринчи учурда жабырлануучунун он колунда эч нерсе корунгон эмес, ал эми экинчи суротто анын он колунунда сары тустогу плащтын жени, ачкыч жана акча корсотулгон, бирок бул далил буюмдар кайдан пайда болуп калганын тергоо органдары аныктап такташкан эмес.

Соттук - троссологиялык экспертизанын 2010 ж. 17 май кунундогу №2434/03 корутундусуна ылайык изилдоого берилген Ш.Аманбаеванын сары тустоту плащы менен окуя болгон жерде жабырлануучу Р.Жумабаевадан алынган сары тустогу лента ону жана анын жасалышы боюнча окшош, бирок ал лента плащтын сол же он женинен экендигин даана айта албайт (1 т., и.б. 106) .

Ошондой эле, тергоо органдары соттолуучу У.Аскеев жабырлануучу Р.Жумабаеваны алдын ала макулдашып мыкаачылык менен олтургон деп корсоткон айыптоосу, соттук териштируудо толугу менен далилденген жок. Анткени соттук - биологиялык экспертизанын 2010 жылдын 1 декабрь кунундогу №631 корутундусуна ылайык Р.Жумабаеванын жыныстык болугунон табылган спермотозоид У.Аскеевге таандык эмес, болок эркек адамдын "спермасы" табылган. (Т.2. и.б. 49-51).

Биринчи соттук-биологиялык экспертизасынын 2010 ж. 18 июнь кунундогу №269/К-61 корутундусу боюнча У.Аскеевдин бут кийиминдеги табылган кан жабырлануучу Р.Жумабаевага таандык болуш керек деген жыйынтыкка келген (Т.1 и.б. 132), ал эми 2010 жылдагы 1 декабрь кунундогу №631/К-17 корутундусу боюнча бут кийимдеги табылган кан У.Аскеевге таандык болуп чыккан. (Т.2.и.б.50).